# Протокол №1

Майлуу-Суу шаары
№8-жалпы билим берүү 24.08.2020-ж
орто мектеби.

«Майлуу-Суу шаарындагы №8-жалпы билим берүү орто мектебинин усулдук бирикмесинин кеңеши».

Катышкандар – 15 мугалим.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Окуу пландары, окуу программалары, өзгөчө шартларда окутууну (онлайн түрүндөгү) талкуулоо.
2. Усулдук кеңештин мүчөлөрүн бекитүү.

Угулду: I маселе боюнча сөз мектептин директору Мамырбаева А.К.га берилип, ал жалпы мугалимдерди жаңы 2020-2021-окуу жылынын башталышы менен мугалимдерди куттуктап, окуу жылынын алгачкы этабы COVID-19 ~~жа~~ байланыштуу 1-класстар гана мектепке келет, калган класстар онлайн түрүндө өтүлөт, ошондуктан ар бир класс жетекчи ата-энелерге быйылкы окуу жылынын өзгөчөлүгүн түшүндүрүүлөрү – деп баарына эскертти.

Жалпы сөзгө мектептин завучу Алчынбаева Н.А.га берилди, ал бул окуу жылында 4 усулдук бирикме болсо деп өз сунушун айтты, ошондой эле декадалардын айларын, олимпиада

дата ............ страница ............

отуу айын тактап алалы - деп эскертти.

# Токтом.

1 2020-2021-окуу жылы үчүн чыккан базистик окуу пландары, программалары менен таанышып усулдук бирикмелерде талкууланып, ар бир предметтик мугалимдер календардык пландары түзүү милдеттендирилсин.

2 1-5-9-11-класстарынын окуучу өзгөчөлүгү, экзамен тапшыра турган класстарга түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

3. 4 усулдук бирикме түзүлсүн

I Гуманитардык бирикмесинин жетекчиси Айдарова С.И.

II Баштапкы класстардын усулдук бирикмеси. Жетекчиси - Ахмадалиева Г.А.

III Социалдык-чеберчилик, ден-соолук бирикмеси - Жетекчиси: Калмырзаева Т.

IV Табигый жана так илимдеринин усулдук бирикмеси

Жетекчиси: Сиябекова У.С.

4. Жогоруда аталган усулдук бирикменин жетекчилери бир добуштан бекитилсин.

Усулдук кеңешменин төрагасы: [signature] Айдарова С.И

Катчы: [signature]

# Протокол № 2

Майлуу-Суу шаары
№ 8-жалпы билим берүү орто мектеби. 4.09.2020-ж.

Майлуу-Суу шаарындагы № 8-жалпы билим берүү орто мектебинин усулдук бирикмесинин кеңеши.

Катышкандар: 15 мугалим.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

I Гуманитардык бирикменин декадасынын сентябрь-октябрь-ноябрь айларындагы милдеттерин бөлүштүрүү

II Онлайн түрүндө „Мамлекеттик тил күнүнө" 30 жылдыгына арналган видео тартуу, ачык сабак-кече өткөрүү.

III Башталгыч класстар, кыргыз тили, орус тили сабактарынан жазуу иштерин алуу.

IV Жаш мугалимдерге усулдук жардам берүү.

Угулду: 1-маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Айдарова С.И. үч айда аткарылуучу иштерди бирикменин мүчөлөрүнө бөлүштүрүп, гуманитардык сабактардын предметтеринин милдеттерин эскертти.

Жарыш сөзгө кыргыз тили сабагынын мугалими Рахманкулова Т.И. чыгып, кайсы класстар менен онлайн түрүндө каркам окуу, жазуу иштери боюнча сунуштарын айтты.

Башталгыч класстарынын мугалими Ахмаданиева Г. Айдаровна жазуу иштери, окуу техникасын

текшерүү боюнча сунуштарын айтты.
Жогорудагы сунуштарды эске алып төмөндөгүдөй токтом чыгарылды:

## Токтом:

1. Гуманитардык усулдук бирикменин мугалимдери сентябрь, октябрь, ноябрь айынын ичинде Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына видео слайд, 10-кл. „Улут болсом, тилим менен улутмун" – эссе,
7-8-класстар „Эне тили – эне сүтүм" баяндама
5-9-класстар Чыңгыз Айтматовдун 92 жылдыгына арналган кечени Рахманкулова П.Б.-га милдеттендирилсин.
2. 5-9-11-класстардын арасында „Сабаттуу бол" деген темада жат жазуу алынсын.
3. Баштапкы класстардын мугалимдери кыргыз тили, орус тили сабактарынан жазуу иштерин жүргүзүп, окуу техникалары текшерилсин.
4. Мамлекеттик тилдин 30 жылдыгына арналган газета чыгарылсын.

Гуманитардык багыт боюнча усулдук бирикменин
жетекчиси: [signature] Айдарова С.И.

Катчы [signature] Калмырзаева П.Н.

4.09.2020-ж.

# Протокол №1

Майлуу-Суу шаары
№8 жалпы билим берүү орто мектеби

10.09.2021-ж.

Катышкандар: 17 мугалим

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Окуу пландары жана окуу программалары менен тааныштыруу.
2. Шаардык семинарларга катышуу.
3. Усулдук кеңештин мүчөлөрүн бекитүү
4. Жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү.

1. Угулду: Биринчи маселе боюнча №8 жалпы билим берүү орто мектебинин директору А.К. Мамырбаева сөзгө чыгып, төмөнкүлөргө токтолуп кетти. КРББИМ тарабынан 2021-жылдын 28-май №869/1 буйругу менен бекитилген Базистик окуу планы менен тааныштыруу менен, ар бир предметтеги мугалимдер пландагы өзгөрүүлөрдү өздөрүнө белгилеп алуусуна токтолду. КРББИМнин „Түшүндүрмө кат" ындагы өзгөрүүлөрдү белгилеп, 2021-2022 окуу жылы 15-сентябрда башталып, 2022-жылдын 8-июнуна чейин созуларын айтты.
Жарыш сөзгө мектептеги окуу бөлүмүнүн башчысы Н.Н. Анчыбаевага берилип, ал өз сөзүндө төмөнкүлөрдү белгилеп кетти. Мектепте окутуунун, тарбиялоонун, окуучулардын билим сапаттарын жакшыртуу, көтөрүү багытында системалуу иш алып баруу зарыл.
Окутуу тарбиялоо процесстерде пландарды карап көрөп чыгуу менен жаңы иш-деттер кабыл алынуусун, пландардын жаңылануусун айтып өттү.

2. Угулду: Экинчи маселе боюнча №8 ЖББОМнин окуу бөлүм башчысы Н.Н. Анчыбаева сөзгө чыгып, шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан белгиленген шаардык семинарларга

өз убагында бардык мугалимдер катышуу менен өз тажрыйбаларын алмашууда биргеликте иш алып баруусу зарыл. Мектептердин мугалимдери үчүн өтүлүүчү бул усулдук секциялык иш мугалимдер арасында тажрыйба алмашуусуна жана окутуунун жаңы технологияларын окуу тарбия иштеринде колдонуусуна чоң өбөлгө түзөт.

3. Угулду: Үчүнчү маселе боюнча сөзгө 2020-2021 окуу жылындагы усулдук бирикменин жетекчиси С.И. Айдарова чыгып төмөнкүлөрдү айтты. Быйылкы 2021-2022 окуу жылына усулдук кеңештин мүчөлөрүн бекитүүбүз керек. Ал былтыркы окуу жылында усулдук бирикмелерден өткөргөн иштерине токтолуп жыйынтыктоо жасады. Быйылкы окуу жылына 4 усулдук бирикме түзүлдү: баштапкы класстар усулдук бирикмеси, гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеси, табигый жана так илимдер усулдук бирикмеси, „социалдык, чеберчилик, ден соолук" усулдук бирикмеси. Аларды жалпы мугалимдер талкуулап бир добуштан кабыл алышты.

Мектептин жалпы усулдук бирикмесинин жетекчиси - Н.Н. Алчынбаева

- гуманитардык багыттагы у.б. жетекчиси - С.И. Айдарова
- баштапкы класстардын у.б жетекчиси - Г.А. Ахмадалиева
- табигый ж-а так илимдер УБЖ - У. Сиябекова
- социалдык, чеберчилик, ден соолук УБЖ - П.Н. Камырзаева

шайланып, бир добуштан кабыл алынып, бекитилди.

4. Угулду. Төртүнчү маселе боюнча УБЖ-си Н.Н. Алчынбаева сөзгө чыкты. Ал өз сөзүндө жаш мугалимдерге усулдук колдоо көрсөтүү уюштуруу мугалимдин өз кесиби, предмети боюнча квалификациясын жогорулатууга, окуу материалдарынын мазмунун берүү жана окутуу усулдарын, классты башкаруу, мугалимдин иш билгилигин (компетенттүүлүгүн) жогорулатууга багыт берүү боюнча насааттык мугалимдерди бекитүү жагын баса белгиледи. Билим берүү тармагында көптөн бери эмгектенип келе жаткан мугалимдер жаш мугалимдерге өз тажрыйбаларынан бөлүшүү менен жардам көрсөтүп турууга зарыл.

Жогоруда маселелер угулуп каралып, усулдук кеңешме токтом кылат:

Токтом.

1. 2021-2022 окуу жылы үчүн чыккан Базистик окуу планынын программасын талкуулап, ар бир предметтик мугалимдерге өз предметтери боюнча календардык пландарды түзүү жагы милдеттендирилсин.
2. Шаардык семинарларга даярдык көрүү милдеттендирилсин.
3. Жогоруда айтылган усулдук бирикмелердин жетекчилери бекитилсин, усулдук бирикмелерде сабактарды өткөрүү жагы милдеттендирилсин.

Усулдук кеңештин төрайымы Н.Н. Ачачибаева

Катчы: Кылычбек кызы А.

Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде өтүлгөн усулдук кеңештин

Протоколу №2

24.09.2021-ж.

Майлуу-Суу шаары
№8 ж б о м.

Катышкандар: 16 мугалим

Күн тартибинде:

1. Усулдук бирикмелердин планын түзүү, окуу программаларды талкуулоо.
2. Гуманитардык усулдук бирикменин „Кыргыз тили - мамлекеттик тил" бир айлыгы
3. Доклад: „Жаңы калыптануда мугалимге коюлган талаптар."

1. Угулду: Биринчи маселе боюнча сөзгө УБ ж. Н.Н. Алчинбаева чыгып, мектепте 4 усулдук бирикме түзүлүп, жетекчилерди бекиткенин белгиледи. Мектептеги усулдук бирикмелерден иштин уюштурууда: пландоо, методикалык семинарларды өткөрүү, өз ара сабактарга катышуу, талкуулоону уюштуруу, мугалимдердин өз кесиби боюнча квалификациясын жогорулатуу менен тематикалык иш чараларды уюштуруу ж.б. иш аракеттер жүргүзүлүүсү зарыл. Алгач ошол аткарылуучу иш аракеттер жана качан, кайда, ким тарабынан аткарылыш керек экендигин көрсөтүп туруучу пландарды бекитүү керек. 4 усулдук бирикмелер талкуулап, тактап түзгөн пландарынын негизинде мектептин усулдук бирикмесинин планын талдап, жактырып түзөрүнө токтолду.

2. Угулду: Экинчи маселе боюнча гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин жетекчиси С.И. Айдарова сөзгө чыкты. Ал „Кыргыз тили-мамлекеттик тили" бир айлыгы иш чарасы өтүлдү. Окуу жылынын башталышы менен Кыргыз тилин өнүктүрүү боюнча жарыяланган бир айлыктын алкагында мектепте салтанаттуу иш чаралар жүргүзүлдү. Бул айлыктын ичинде бир катар ачык сааттар, класстан тышкаркы иштер, конференциялар өткөрүлдү.
Өткөрүлгөн иш чаралардын максаты келечек муунду, окуучуларды эне тили үчүн жан берүүгө үндөгөн, патриоттук сезимдерди козгоп, ойгото турган мыкты деңгээлде уюштурулган мыкты адабий кече өткөрүлдү. Кыргыз тили жана кыргыз адабияты мугалими Т.И. Рахманкулова бүгүнкү күндөгү тилдин ал-абалына токтолуп, келечек муунду өз эне тилин сактоого, өнүктүрүүгө баалоого чакырып кетти.
Өтүлгөн иш чара боюнча маалыматтар жазылып, ШББ на тапшырылды.

3. Үчүнчү маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Н.Н. Алчанбаева „Жаңы калып-тануу да мугалимге коюлган талаптар" деген темада доклад даярдап мугалимдерге маалымат берди. Бул докладда „Жакшы мугалим - бу ким?", „Бүгүнкү заманбап мугалим кандай болушу керек?" суроолорду негизинен сөз жүрдү. Мында билим берүү тармагындагы орчундуу проблемалар болгон „бүгүн кантип окутуу керек? мектеп балдарды кандай турмушка даярдайт? Келечекте кандай билим керек? деген суроолорго жооптор айтылды. Мектептерде билим берүүнүн сапаты жогорулаcа гана жалпы республикада билимден окуу деңгээли жогорулайт.

Жогорудагы маселелер каралып, усулдук кеңеш токтом кылат.

Токтом:

1. Базистик окуу планды талкуулоо менен бирге усулдук бирикмелердин жетекчилери иш пландарын түзүү, бекитүү жагы милдеттендирилсин.

2. „Кыргыз тили - мамлекеттик тил" бир айлыгы ар дайым жогорку деңгээлде өтүү жагы кыргыз тили жана адабияты мугалимдерге милдеттендирилсин.

3. Мугалимдерге билим берүүдө заманбап технологияларды колдонуу менен жеткиликтүү билим берүү жагы милдеттендирилет

Усулдук кеңештин төрайымы / [подпись] / Н.Н. Алчанбаева

Катчы / [подпись] / Кылычбек. к. Асана

Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде усулдук кеңештин өтүлгөн жыйынын

# Протокол № 3

17.12.2021-ж.

Майлуу-Суу шаары №8 ЖББОМ.

Катышкандар: 17 мугалим

Күн тартибинде:

1. Сапаттуу билим берүүдөгү мугалимдердин ролу. „Окуу керемет" долбоору.
2. Баштапкы класстардын усулдук бирикмесинин жумалыгы. Ачык сабактарды өтүү. Баштапкы класстардын билим сапатын текшерүү.
3. Жаш мугалимдерге сабактын формаларын үйрөтүү.

1. Угулду: Биринчи маселе боюнча №8 ЖББОМ директору А.С. Мамырбаева төмөнкүлөрдү белгиледи. USAID дин „Окуу керемет!" долбоордун ишмердүүлүгү боюнча облуста 1867 максаттуу мектепти камтып, баштапкы класстардын окуу жана жазуу тренингине 15000 ден ашуун баштапкы класстын мугалимдери жана китепканачылары катышууда. 2022-жылдын январь айынан баштап бул долбоор баштапкы класстын мугалимдерине математиканы окутуу методикасын үйрөтө баштайт.

Сапаттуу билим берүүдө мугалимдер эң негизги орунду ээлейт. Тарбиялап, окутуп жаткан балдар бүгүнкү заман талабына шайкеш, көп кырдуу келечек ээлери болуп чыгыш үчүн мугалим сапаттуу билимдүү болушу керек. Мугалимдин кесиптик жактан өнүгүүсү биринчиден, мугалимдин өзүнүн иш-аракетине байланыштуу болсо экинчиден билим берүү мекемесинин жетекчилерине, башкаруу ишиндеги

максаттарды жана милдеттерди туура аныктоо менен, натыйжалуу уюштура билүүсүнө байланыштуу.
Жарыш сөзгө окуу бөлүм башчысы Н.Н. Апчынбаева чыгып, талкууларды корутундулап кетти.

USAID дин „Окуу керемет!" долбоорунун негизги максаты – мектептерде усулдук колдоону уюштуруу, мугалимдерди усулдук камсыздоо, мугалимге усулдук жардам көрсөтүүгө багытталган, мугалимдердин кесипкөйлүгүн жогорулатууга көмөк көрсөтүүчү өз ара байланышкан максаттуу иш-аракеттердин комплекси.
Мектепте мугалимдин кесиптик өнүгүүсүндө маалыматтык жана методикалык жактан камсыздалышы абдан маанилүү.
Методика – бул окутуу процесси методдор, бул процесстеги ишке ашыруучу ыкма. Демек, мугалимди мугалим деген атка татыктуу кылган бул – анын өзүнүн билимин өнүктүрүүсү, чыгармачылыкты жаратуу үчүн максатка жетүүсү, эмне үчүн окутуу керек, эмнени окутуу керек, окутууда кандай методдорду колдонуу керек деген суроолордун терең ойлонуусу.
Сапаттуу билим берүү үчүн мугалим өзү сапаттуу билимдин ээси болуу менен аны окуучуларга берүүсү зарыл.

2. Экинчи маселе боюнча сөз мектептин усулдук бирикмесинин жетекчиси Н.Н. Апчынбаевага берилип, ал төмөнкүлөргө токтолду:
Экинчи чейрек аралыгында башталгыч класстар усулдук бирикмесинин жумалыгы өткөрүлдү.
Жумалыкты өткөрүүнүн негизги максаты мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруп, чыгармачылык менен изденүүлөрүн өнүктүрүү. Мугалимдердин педагогикалык технологияларды, окутуунун интерактивдүү усулдарын максаттуу пайдалануулары, кесиптештери менен өз ара тажрыйба алмашуулары. Окуучулардын окуу процессине карата активдүүлүктөрү.

жана предметке болгон кызыгууларынын жалпы абалын көзөмөлдөөгө багытталган. Администрация бул жумалыктын аягында баштапкы класстардын мугалимдеринин сабактарына катышуу менен „Окуу керемет" долбоорунун Sabak App жана BalooApp тиркемелерин эффективдүү колдонуу менен окуу сабагына байкоо жүргүзүштү. Ар бир баштапкы класстын мугалимдери өздөрүнүн кесиптик шыктуулугун чагылдырган буклеттерди чыгарып, ар кандай көз өнөрчүлүгүн көрсөтө алган "портфолиолорду" мектептин усулканасына даярдап коюшту.

Жалпы сөзгө баштапкы класстар усулдук бирикмесинин жетекчиси Г.А. Ахмадалиева чыкты. Ал өз сөзүндө „Окуу керемет" долбоору тарабынан өтүлүп жаткан тренингдерде көп маалыматтарды алуу менен өз билимдерин жогорулатууга абдан туура дугун белгилеп кетти. Тренингдеги стратегияларды колдонуп сабак өтүүдө окуучуларда сабакка болгон кызыгуу, аракети жогорулаганын байкоого болот. Баштапкы класстын мугалимдери баары үйрөнгөн стратегияларды өз сабактарында пайдаланып сабак өтүп жаткандыктарын белгилеп кетишти.

3. Үчүнчү маселе боюнча сөзгө гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин жетекчиси С.И. Айдарова чыгып, төмөнкүлөрдү белгиледи. Ачык мугалим „сабак деген эмне" деген суроого жообун берүүсү зарыл. Сабак билим берүүдөгү негизги бөлүк. Ушул 45 мүнөттүн ичинде мугалим балдарга белгилүү бир темада билим берип, белгилүү бир жөндөмдөрдү өрчүтүшү керек. Ар бир конкреттүү сабактын өз максаты болушу керек, ал бир катар тапшырмалар аркылуу ишке ашат; окутуу, өнүктүрүү жана тарбиялоо.

Мектеп окуучуларынын жаңы материалды өздөштүрүүдөгү ийгилиги көбүнчө анын канчалык кызыктуу жана жөнөкөй берилишине көз каранды. Көбүнчө сабактын ар кандай стандарттуу эмес формалары мугалимге жардамга келет.

стандарттуу эмес сабактар:
. КВН, театрлаштырылган сабагы, консультациялык сабагы, компьютердик сабагы, лекция сабагы, экскурсия сабагы, пресс-конференция сабагы ж. б.

Жогорудагы маселелер үчүн талкууланып, усулдук кеңештин жыйыны токтом кылат:.

Токтом:

1. Окуу тарбия процессинде окуучуларга сапаттуу билим берүүдө өз билимдерин өркүндөтүү жагы милдеттендирилет.

2. Баштапкы класстын мугалимдеринин окуучуларга билим берүүдөгү ишмердүүлүгү канааттандырарлык деп белгиленсин.

3. Мугалимдерге сабак өтүүдө стандарттуу эмес сабактарды инновациялык усулдарды колдонуу, өз ара сабакка катышуу жагы милдеттендирилет.

Усулдук кеңештин төрайымы

/ [подпись] / Н. Н. Асанбаева

Катчы: / [подпись] / Жолочбек к. А.

2022-2023-окуу жылында өткөрүлгөн усулдук кеңешменин №2 протоколу.

Майлуу-Суу шаары
№8 жалпы билим берүү
орто мектеби.

2022-жыл
11-ноябрь

Кеңешменин төрайымы: Мамаурбаева А.К
кеңешменин катчысы: Кылычбек к. Аксана

Катышкандар 15 мугалим

Күн тартиби
I. Окуу тарбия иштеринде биринчи чейректин жыйынтыгын талдоо.
II. I чейрек боюнча программалардын (предметтер боюнча) аткарылышы.
III. Окуучулардын күндөлүктөрүнүн, класстык журналдарынын толтурулуш абалы жөнүндө.
IV. Баштапкы класстардын билим сапаты.
V. Ар кандай маселелер.
а) Окуучуларды олимпиадага, ЖТРга, РЗА даярдыктары
б) Класс кабинеттердин абалы.

I. Угулду: Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары А.К. Мамаурбаева I чейрек аралыгында класстардагы окуучулардын өздөштүрүү, билим сапаты боюнча отчет берилди.
2022-2023-окуу жылынын башында 1-10 кл 286 окуучу, 1-чейрек аягында 268 окуучу, 122 кыз, 146 бала.
Даярдоо класс 16 бала окуйт.
20 окуучу кетти, 4 окуучу келди.
„5"ке окугандар 16 окуучу, б.с - 8% ти түздү.
„4"кө окугандар 49 окуучу, б,с - 24,5%
„3"кө окугандар 136 окуучу. б.с - 68%

Өздөштүрүү - 100%
Жалпы билим сапаты 32,5%
6-класстын окуучуларынын б.с. — 22,2%
8-класстын окуучуларынын билим сапаты — 23,07%
9-класстын окуучуларынын билим сапаты — 25%
Калган класстардын окуучуларынын билим сапаты 30,9% — 52,3% чейин түздү.
1-2-класстардын окуучулары бааланбайт.
Окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн окуучуларга кошумча сабактарды өткөрүү, түрдүү предметтик тесттерди алып, мониторинг жүргүзүү, мугалимдердин сабактарына катышуу жөнүндө айтылды.
Предметтик мугалимдер Сыйдыкова У, Рахманкулова С, Айдарова эжекелер 6-класстын, 8-класстын, 9-класстын окуучуларынын билим сапаты боюнча талдоодо өз ойлорун, сунуштарын айтып, кошумча сабактарды өтүп класс жетекчилер көзөмөлгө алуу боюнча сунуштарын билдиришти.

Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып педагогикалык кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Билим сапаттары төмөн болгон класстардын окуучуларына кошумча сабактарды ар түрдүү формада өтүп, тест алып, окуучулардын билим сапатын көтөрүү предметтик мугалимдерге милдеттендирилет.
2. Окуучуларды предметтик ийримдерге тартуу, олимпиадаларга даярдоо, класстан тышкаркы предметтик конкурстарга катыштыруу милдеттендирилет.

II. Угулду: I чейрек боюнча предметтик программаларды аткарылышы боюнча окуу завучу А. Мамырбаева билдирүү жасады.
Ар бир предмет боюнча отчет алганда 1-2 ден сабактар жетпей калгандыктары жөнүндө усулдук бирикме жетекчилери У. Сыдыкова, П. Насимырзаева, Ташыбекова Н. билдиришти. Ар бир предметтик мугалим өзүмөрүнүн шартына карап кошумча сабакты жүгүртмөгө койдуруп (кошумча жүгүртмө түзүлөт, 6+ сабактан кийин) окуу жагы айтылган түшүндүрүлдү.
Окуучуларга кошумча сабактарды окуу мен PISA (Пиза) боюнча тестерди алып ар бир предметтик мугалимдер 4-10-класстарда окуучуларды даярдоо, онлайн курстарга катышып окуу, өз билимдерин көтөрүү боюнча окуу завучу А. К. Мамырбаева мектеп директору Ж. Ж. Алчинбаева түшүндүрдү. Окуучуларды тест менен иштөөгө көнүктүрүү менен мугалимдер да компьютерде иштей билүүсү керек.

Жогорудагылар угулуп, сунуштар айтылган усулдук кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Базистик программа боюнча бөлүнгөн сааттарды (I чейректе өтүлбөй калган сааттарды) толуктап окуу кошумча сабактарды өткөрүү ар бир предметтик мугалимдерге милдеттендирилет.
2. Пиза – боюнча окуучуларды даярдоо билим сапатын көтөрүү боюнча изденип чыгармачылык менен иштөө милдеттендирилет.

III. Угуулду: Мектептин класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу Ж. Курсамева тарабынан доклад билдирүү жасады.
Окуучулардын күндөлүктөрүн текшерүүдө кемчиликтер көп, окуучулар пайдаланууда толук толтурулбаган, тапшырмалар жазылбаган, класс жетекчинин, ата-энелердин колдору коюлбаган.
М: Жумаламбетов Д 7-класс
Мажитов З, Матраимов Т. 9-класс
Стамкулов Д, Сатаров А, Тажимырзаев М, 8-класс
Акырбаев Э, Жалалаов Ж, Ибрагимов Б, 6-класс
Салахитдинов Ш, Дүйшебаев А 5-класс
Окуучулардын күндөлүктөрүндөгү кемчиликтерди жоюу ар дайым класс жетекчилер, предметтик мугалимдер да баалоону өз убагында күндөлүктөргө белгилөө жагын эскертилип милдеттендирилди.
Класстык журналдардын толтурулушу боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы А.К. Мамырбаева толуктоочу доклад жасады.
Ар бир класстык журналдары текшерилди
10-класс, класс жетекчи Т. Рахманкулова
7-класс, класс жетекчи Камчыбек к Айсана
8-класс, класс жетекчи Рысбаева П.К.
2-класс, класс жетекчи Ташибекова Н.
4-класс, класс жетекчи Ташибека Г
Талапка жооп берет
1-класс, 3-класс, 9-класс, 5-класстын журналдарындагы кемчиликтер класс жетекчилерге эскертилип айтылып түшүндүрүлдү.

Жогорудагыларды угуп, пикир суунуштар айтылып угулдук кезеги чечим кылат.
Чечим:
1. Класстык журналдар өз убагында толтурулуп окуучулардын билими бааланса.
2. Окуучулардын күндөлүктөрүнүн калыптануусу көзөмөлгө алынсын.

Угулду: 

IV. Баштапкы класстардын билим сапаттары, усулдук бирикменин жылдык пландарынын негизинде октябрь, ноябрь айларында көзөмөлгө алынган текшерүүлөр.

1. Окуучулардын сабактарга катышуусу;
2. Окуучулардын окуу китептери менен камсыз болуусу;
3. Окуучулардын колдонгон күндөлүктөрү;
4. Окуучулардын сабактарга кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрү.
5. Тестер боюнча иштөөсү; даярдыктары
6. Мугалимдердин сабакка даярдыктары көзөмөлгө алынган текшерүүлөр.

1ᵃ-класс, мугалим Ахмадалиева Г.А.
2-класс, мугалим Таирбекова Г.
4-класс, мугалим Таирбекова Г.
жүргүзгөн иштери жакшы.

3-класс, даярдоо класс, 1ᵇ-класс
мугалимдер: В. Жолдошова, Нурдин к Жанара
усулдук жардамдар көрсөтүү керектиги айтылып, усулдук бирикме башчыларына, насаатчы мугалимдерге тапшырма берилди.

Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып усулдук кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Баштапкы класстардын мугалимдери заманбап сабак өтүү, чыгармачылык менен иштөөнү милдеттендирилет.
2. Жолдошова В, Нурдин к Жанара жекече усулдук жардамдар көрсөтүлсүн;
3. Баштапкы класстарда окуучулардын шар окуусу, сулуу жазуу, ар тараптан өнүктүрүү көзөмөлгө алынсын.
4. Окуучулар тамгаларды, цифраларды элементтери менен жазууга көнүктүрүлсүн.

V. Ар кандай маселелер:

- Окуучулар арасында комментүүлүктүн алдын алуу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
- Окуучуларды олимпиадага (предметтик) даярдоо жүргүзүлсүн.
- Ийримдерди, конкурс, предметтик таймашы окуучулар арасында өткөрүү уюштурулсун.
- Пиза (PISA) – окуучулардын билимдеги жетишкендиктерин баалоонун эл аралык сынагына даярдыктарды жүргүзүү.
- ЦООМО (ОРТ, PISA, НООДУ)
- Эл аралык долбоорлор USAID – сапаттуу билим" менен биргелешип иштөө.
- Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Жалпы билим берүүнүн сапатын мониторингдик изилдөө, ал „15-жаштагы жалпы билим алган окуучулар, азыркы коомдо толук кандуу жашоого, б.а. адам мамилелеринин, байланышуунун жана социалдык мамиленин ар түрдүү сферасын кеңири диапазонун чечүү үчүн кандай билим жана билгичтиктер деген суроого жооп бериш керек.

Онлайн тестирлер окуучуларды тесттердин түрлөрүн интернеттен пайдаланып иштөө жолдору түшүндүрүлдү.

Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берилсин.

Окуучуларды компьютердик кабинетке алып келип, компьютерде тесттерди иштөөнү үйрөтүшсүн.

Усулдук бирикмелердин маарифтик семинарда айтылып, түшүндүрүлгөн.

Педагогикалык кеңеште да айтылып тапшырмалар берилди. Мугалимдерге изденип иштөө керектиги айтылды.

Усулдук бирикме жетекчиси: [signature]

Катчысы: [signature]

Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде өткөрүлгөн усулдук кеңешменин №3 протоколу.

26 декабрь Майлуу-Суу шаары.

Катышкандар – 18 мугалим

Кеңешменин төрайымы: Мамырбаева А.Н.
Кеңешменин катчысы Жолочбек кызы Аксана

Күн тартибинде каралуучу маселелер
I. Баштапкы класс усулдук бирикмесинин жумалыгынын өтүлүшү.
II. Башталгыч класстардын билим сапаты.
III. „Керемет окуу" долбоору боюнча жүргүзүлгөн иш чаралар.
IV. Ар кандай маселелер.

Угулду: Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин жетекчиси К.Т. Таирбекова төмөндөгүдөй билдирүү жасады.
Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин планынын негизинде ачык сабактар өтүлдү. Ар бир класстагы класс жетекчилери өздөрүнө берилген тапшырмаларды аткарышып, интерактивдүү ыкмаларды колдонуп чыгармачылык менен кызыктуу сабак өтүштү.
Г.А. Ахмадалиева 1а класстын окуучуларына Мекен таануу сабагынан „Ашканадагы коопсуздук",
Нурдин кызы Жанара 1б класстын окуучуларына „Зз тамгасы" жазуу сабагынан,
Таирбекова Г.Т. 4-класстын окуучуларына математика сабагынан „Өтүлгөн темаларды кайталоо".
Ар бир мугалимдин сабак өтүүдөгү жакшы жактарын, колдонулган ыкмалар, окуучулардын

темадагы материалдарды кабыл алуу менен ой чабыттарынын өсүшү жаатында айтылган кемчиликтер да белгиленди.
Насаатчы мугалимдер Маматбаева А, Айдарова С, Сыябекова У өз ойлорун айтышып, баштапкы класстардын мугалимдерине тапшырмалар беришти, усулдук жардамдар көрсөтүлдү.

Жогорудагыларды угуп, сунуш, пикирлер айтылып, усулдук кеңеш токтом кылат.

Токтом:

1. Баштапкы класстын усулдук бирикмесинин өтүлгөн жумалыгы жакшы деп белгиленсин.
2. Баштапкы класстын мугалимдерине ар дайым изденип, чыгармачылык менен интерактивдүү усулдарды колдонуп сабактарды өтүү милдеттендирилсин.

II. Угулду: Мектептин окуу завучу Маматбаева А.Н., усулдук кабинеттин жетекчиси У. Сыябекова, насаатчы мугалим С. Айдарова баштапкы класстардын билим сапатын текшерүүдө: окуучулардын шар окуусу, сулуу жазуусу, окуган материалдын мазмунун айта алуусу, тамгалардын, цифралардын элементи менен жазуусу боюнча маалыматтар беришти. Окуучулардын ой жүгүртүүсү, кеп өстүрүүсү, минутасына шар окуусу орто. Ошондуктан ар бир класс жетекчи 1-4-класстардын жетишпеген окуучуларга жекече сабак өтүү, кошумча сабактарды өтүү, сүйлөө кептерин өстүрүү жактары айтылды.
Жогорудагыларды угуп, сунуштар айтылган кеңешме токтом кылат.

Токтом.

1. Окуучулардын (1-4-класстардын) шар окуусу, сулуу жазуу, тамгаларды, цифраларды

элементи менен жаздыруу колго алынып, күзөмөл жүргүзүлсүн.
2. Баштапкы класстын мугалимдерине окуучулардын билим сапатын көтөрүү милдеттендирилет.

III. Угулду: Мектеп директору Н.К. Алчынбаева „Керемет окуу" долбоору боюнча билдирүү жасады. „Окуу керемет" боюнча биздин баштапкы класстын мугалимдери иш алып барууда. Ар кандай стратегияларды колдонуп сабактарды өтүп жатасыздар. Стратегияларды башка класстарда (5-10-класстарда) колдонууга болорун белгиледи.
Мектептин окуу завучу А. Мамырбаева математика предметинен модулдарга активдүү катышуу, „Изилдөө долбоору" боюнча класстан тышкаркы иш, окуучулардан изилдөөнүн методдорун колдонуп, тандап алып, маалыматтарды анализдеп, синтездөө усулдарын колдонуу керек. Окуучуларга туура багыт берүү жана түшүндүрүлүү.
Баштапкы класстын мугалими Г. Ахмадалиева, В. Жолдошова „Изилдөө долбоору" боюнча сунуштарын айтышып, өздөрүнүн жүргүзгөн иштери боюнча айтып өтүштү.

Жогорудагылар угулуп сунуштар айтылып, кезектеги токтом кылат.

Токтом.

1. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү, ар тараптан өнүктүрүүдө „Окуу керемет" долбоорунун стратегияларын колдонуу.
2. Окуучулардын ой чабыттарын өстүрүүдө „Изилдөө долбооруна" катыштыруу.

IV. Ар кандай маселелер.
- Шаардык деңгээлде өтүлүүчү олимпиадага окуучуларды даярдоо.
- PISA-2025 багытталган тесттер менен

окуучуларды даярдоо боюнча кеңири түшүнүк берилди.
Кайсы сайттардан кароо, аны пайдалануу, онлайн тесттер да бар, окуучуларга тесттерди чыгарып берип иштетип көрүү керектиги айтылды.
- Кошумча сабактарды, ийримдерди өтүү;
- Ар бир предметтик мугалим компьютерде иштей билүү менен окуучуларды компьютерден тесттер менен иштөөгө көнүктүрүү;
- Дидактикалык материалдарды колдонуу;
- Мугалимдер ар дайым өз билимин өркүндөтүп, билим берүү чөйрөсүндө жаңылыктар менен таанышуу;
- Окуучуларды ар кандай сынактарга катыштыруу жана түшүндүрүү.

Усулдук кеңештин төрагасы: [signature] / Мамырбаева А.
Усулдук кеңештин катчысы: [signature] / Кылычбек к. А.